# МЫКТЫ БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КУТТУКТОО СӨЗҮ
## КЫЗЖИБЕК ЖАНЫБЕКОВА

Улуу даражалуу Ага Хан!
Урматтуу БАУнун ректору!
Камкорчулар Кеңешинин мучөлөрү!
Жогорку жетекчилер!
Өкмөт мүчөлөрү!
Борбордук Азия Университетинин (БАУ) окутуучулары жана кызматкерлери!
Ата-энелер, курсташтар, достор!

Менин аты-жөнүм Кызжибек Жаныбекова. Бүгүн сиздердин алдыңыздарга чыгып 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрүнүн атынан куттуктоо сөзүн сүйлөөнүн өзү чоң сыймык жана ардактуу деп эсептейм. Мага кошулуп 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрүн БАУдагы академиялык окуу жылын ийгиликтүү аякташы менен чын дилден куттуктоого баарыңыздарды чакырам.

Бүгүнкү көз ирмемдерге чейинки менин билим сапарым бала кезимде апама мен берген жөнөкөй, бирок ынтызар суроодон башталган эле: «Эмне үчүн асман көк?» Менин билим алууга, окууга өсүп-өнүгүүгө болгон умтулуумдун күчү эч качан алсыраган эмес жана натыйжада менин БАУдан бакалавр наамын алышыма жеткирди. Жогорку класстарда окуп жүргөнүмдө, баары өзүнүн келечектеги жолун тандап жатканда, менин курдаштарым өз болочок сапарымды ошол кездеги жаңы жана салыштырмалуу өтө таанымал эмес тоо койнундагы университетке окууга даярданып жатканымды угуп таң калышкан болчу. Мен кийинчерээк билген университет тууралуу эл ичинде «сары космостук кеме» деген сөз бар экен. Менин жакшы көргөн сары түсүм жашоомдогу мени адам катары калыптандырган жылдар менен ассоциация болуп калды жана жакынкы жылдары ошол бойдон кала бермекчи.

Менин апам бир жолу БАУга семинарга катышып келип кеткен экен жана мага дүйнөлүк деңгээлдеги билим бере турган, ошону менен бирге эң сонун мүмкүнчүлүктөрү бар Кыргызстандагы мыкты окуу жайлардын бирин тапканын мага айтып берди. Апамдан бул сөздөрдү тыңшап ошондой жердин Кыргызстанда бар экенине адегенде уккан кулагыма ишенген эмес элем. Кыязы башкалардай болуп мен дагы сапаттуу билим алуу чет өлкөлөрдө гана мүмкүн деп эсептесем керек. БАУ кеңири эл аралык байланыштарга ээ, мультимаданияттын коомчулугу бар жана жогорку квалификациялуу окутуучулар сабак бере тургандыгын жана англис тилинде окутууну сунуштай тургандыгын укканда мен эки анжы болбостон дароо тобокелдикке салдым. Терең ой жүгүрткөн соң, ошол көз ирмем мен үчүн жашоомдогу көз алдымда таптакыр башкача жаңы ааламды ачып берген “эбегейсиз чоң жарылуу” сыяктуу учур болгонун эстеп жатам.

Ошол менин тандоомо баа жеткис кеңештери жана татыктуу тарбия берүүдөгү талыкпаган мээнеттери жана мага болгон ишеними үчүн бүгүн ушул жерде олтурган атама жана апама терең ыраазычылыгымды билдирем. Мен группалаштарымдын жана

бүтүрүүчүлөрдүн атынан бизди бүгүнкү күнгө ушул даражага жеткирген баардык ата-энелерге бекем колдоолору үчүн чын жүрөгүмдөн чыккан ыраазычылыкты билдиргим келет.

БАУнун мааниси академиялык изилдөөлөр жана басылмалардын алкагынан алыс кетет. Академиялык корпуска жанаша студенттик жатаканаларда таптакыр башкача турмуш кайнап жатат. Биз кампуска алгач келген күн дале эсимде. Адегенде өтө эле опсуз чоң көрүнгөн имараттын ичинде жана өткөөлдөрдө адашып кете тургандай болсок, азыр ушунчалык сүйкүмдүү жана өз үйүндөй жанга жагымдуу. Биздин ажайып кампустун ар бир бурчу эң сонун эскерүүлөр менен коштолуп, мындан ары да кусаланып эстегенде биздин ар бир баарлашууну таттуу кыялдар менен толтура берет деп ишенем. БАУда биз сынчыл ой жүгүртүү, лабораториялык отчеттор, изилдөөлөр, чыгармачылык, суроо бере билүү өнөрү жана коомдун жыргалчылыктарына умтулуу тууралуу таанып билдик. Көп жылдар бою биз көбүнесе сарсанааларды, уйкусуз түндөрдү, өзүнө ишенип-ишенбей ыргылжың болгон кездерди, ишенимдин күйүп-жанып турушун, тапшыруу арыздарын берип жаткандагы, сынак учурларындагы жана тапшырмалардын акыркы мөөнөттөрүн ойлонуп толкунданган, кабатыр болгон сааттар, коюлган баалардын жана кайрылуулардан кийинки жыйынтыкты күткөн чактарды баштан өткөрдүк. Баардык кыйынчылыктарга карабастан биз дипломдук долбоорлордун акыркы марасына келип жетип, биздин күч-аракеттерибиз менен кыялдарыбыздын туу чокусуна чыктык. Биздин жол даңгыраган түптүз жол болгон жок, америкалык жылгаяктар сыяктуу көкөлөп бийик учкан да, жерди карай ылдыйлаган да кездер болду, бирок энтузиазм менен байсалдуу сапардын аягына чыктык.

Мен ректорго, деканга жана биздин эң кымбаттуу окутуучуларыбызга алардын бизге билим берүүгө, насаатчылык кылууга жана көздүн карегиндей көзөмөл кылганына алкыш айтам. Силердин талыкпаган ак эмгегиңер бизге баалуу билим алууга жана көндүмдөрдү үйрөнүүгө жардам берди. Сиздер биздеги эң мыкты касиеттерди ачууга көмөк бердиңиздер. Микеланджело айткандай: «Мен мармар таштан периштенин элесин көрүп калдым жана аны боштондукка чыгарганга чейин ташты чегип жүрүп олтурдум». Ошондой эле жогорку жетекчиликке, админстрацияга, операциялык бөлүмдөргө жана БАУнун баардык кызматкерлерине ак дилден ыраазылык айткым келет. Анткени алар биздин окуубузду жана жашоо-тиричилигибизди эң жогорку даражада ыңгайлуу, жанга жагымдуу, коопсуз кылып уюштуруп беришти. Студенттик жашоо боюнча командага да рахмат айтабыз. Сиздер ар дайым биздин жаныбызда болдуңуздар, бизге колдоону такай сезип тургандай, студенттик жашообузду кызыктуу жана эсте каларлык кылып өткөрсүн деп чарчап-чаалыкпай эмгектенип келесиздер. Акырында айта турган дагы бир кеп: досторубузду жана группалаштарыбызды ушул менин жашоомду өзгөрткөн, эч нерсеге карабастан билим сапарын биз менен тең бөлүшкөндүктөрү үчүн ыраазымын.

БАУ бизди кыраакы жана ойчул болууга, көйгөйлөрдөн да алысты көрө билген көрөгөчтүккө үйрөтүп, татаал маселелерди татынакай мүмкүнчүлүктөргө айландырууга, баарынан мурун башкалар менен бөлүшө билүүгө машыктырды. БАУ маалыматтарды бөлүшүүгө үндөйт. Бул баалуулук биздин келечектеги иш-аракеттерибизди жан тартуу, жагымдуу сезим жана жоопкерчилик терең сапаттар менен толуктай алат деп ишенем.

БАУ менин ким экенимди, кыялдарымды жана жеке инсандыгымды баалай билген орун болду. БАУ менин мүдөөлөрүмдүн ишке ашуусунда орчундуу роль ойноду. Мен өз өлкөмдөн сыртка чыгууга мүмкүндүк алдым, менин өлкөмдүн президенти менен жолуктум, аймактагы жана дүйнөнүн булуң-бурчундагы студенттер менен бирге окууга жана иштөөгө өбөлгөлөр түзүлдү. Эми биз кайрадан кийинки сапарыбызды ойлоп, жашоонун тогуз жолунун тоомунда кайрадан турган кезибиз. Жан-дүйнөбүздөгү күйүп-жанган жана күч-кубаты ашып ташкан ынтызарлыктын оту ар дайым баарыбыздын ички дүйнөбүздө сакталып кала берет деп ишенем. Жашоонун буркан-шаркан түшкөн деңизине чыгып, алыска сүзүүгө аттанып жатып, турмуштун күркүрөгөн агымына туруштук берүүдө чыдамкай бололу жана убагында туруктуулук, тырышчаактык менен окуган касиеттерибиз менен эми да баардык тоскоолдуктардан өтө алабыз деп үмүт кылам. Ушул сөздөр менен узатуу алдындагы куттуктоо сөзүмдү жыйынтыктайм.

Дагы бир жолу рахмат жана 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрүн куттуктайм!